***Баткен облустук статистика башкармалыгы***

# *Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы*

## *январь-сентябрь*

*(тез аралык маалымат)*

## *Айлык чыгарылыш*

**Баткен-2024**

# Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы

Редакциялык-басмалык Кеңеш:

Төрага - Ысмайылов С.М.

Мүчөлөрү: -Закиров Ж.Д.
-Абдиева Ш.К.
-Салиева У.С.
-Сатыбалдиева Д.М.

Ушул басылмага байланыштуу суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Баткен ш. Н.Дыйканов көчөсү, 1; телефон: (0-3622) 5-01-40, факс 5-02-49;
e-mail: batstat1@mail.ru;
Баткен облустук статистика башкармалыгы.

**Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы** басылмасы ыкчам маалыматтардын негизинде 2024-жылдын январь-сентябрь айларындагы облустун экономикасынын абалын реалдуу, мамлекеттик, финансалык, тышкы жана социалдык секторлор менен кошо талдоону камтыйт. Тиркемелерде толук статистикалык таблицалар берилди. Мурунку жылдары жарыяланган көрсөткүчтөрдүн ордуна такталган маалыматтар берилди. Ай сайын чыгарылат.

Тиражы 20 нуска.

Пайдалануучулар расмий статистиканын маалыматтарын жана тиешелүү метамаалыматтарды пайдаланууда алардын булагына шилтеме берүүгө милдеттүү (“Расмий статистика жөнүндө” Мыйзамдын 30-беренеси).

Бул басылманын маалыматтарын жаңылоонун акыркы күнү: 2024-жылдын 14-октябры.

**Шарттуу белгилер:**

- кубулуш болгон эмес;

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмасы, алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

# М А З М У Н У


| | | |
|---|---|---|
| **I** | **Облустун социалдык -экономикалык абалы……………………………** | 4 |
| **II** | **Негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр…………………….** | 5 |
| **III** | **Сектордук обзор……………………………………………………..** | 6 |
| | | |
| | **Реалдуу сектор……………………………………………………….** | 6 |
| | Өнөр жайы……………………………………………………… | 6 |
| | Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы…………………….. | 7 |
| | Капиталдык салым………………………………………………... | 8 |
| | Турак жай........................................................................................... | 8 |
| | Транспорт жана байланыш……………………………………….. | 8 |
| | Тейлөө рыногу…………………………………………………….. | 8 |
| | Керектөө рыногу…………………………………………………... | 8 |
| | Кызмат көрсөтүү............................................................................... | 9 |
| | Эмгек рыногу жана эмгек акы……...……………………………… | 10 |
| | Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси…………………………… | 11 |
| | Баалардын жана тарифтердин индекси…………………………….. | 11 |
| **IV** | **Мамлекеттик сектор….………………………………………………** | 13 |
| | Финансы……………………………………………………………… | 13 |
| **V** | **Социалдык сектор…………………………………………………..** | 13 |
| | Демографиялык жагдай................................................................. | 13 |
| | Калктын оорулары........................................................................... | 14 |
| | Укук бузуулар.................................................................................. | 14 |
| | | |
| | **Тиркеме……………………………………………………………** | 15 |

# ОБЛУСТУН 2024-ЖЫЛДЫН ЯНВАРЬ-СЕНТЯБРЬ АЙЛАРЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

Облусубуздун өнөр-жай ишканалары тарабынан 2024-жылдын январь-сентябрь айларында 5573912,2 миң сомдук продукция өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 112,3 пайызды түздү.

Айыл-чарбасы, аңчылык жана токой чарбасынын продукциясынын дүн чыгарылышы 2024-жылдын январь-август айларында 20 813,7 млн. сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 101,2 пайызды түздү.

Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши үстүбүздөгү 2024-жылдын январь-сентябрь айларында 5887911,9 миң сомго барабар болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине карата 2,2 эсеге өскөн.

2024-жылдын январь-сентябрь айларында турак жай курулушунда жалпы аянты 58264 чарчы метр болгон 453 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь-сентябрь айларынын денгээлине салыштырмалуу 68,9 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 954011,4 миң сомду түздү

Транспорттун бардык түрү менен үстүбүздөгү жылдын январь-сентябрь айларында 980,0 миң тонна жүк ташылып, 2023-жылдын январь-сентябрь айларына салыштырмалуу 102,0 пайызга барабар болду. Жүргүнчүлөрдү ташуунун көлөмү 152585,1 миң жүргүнчү км болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 110,8 пайызды түздү.

Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2024-жылдын январь-сентябрь айларында 22584606,0 миң сомду түзүп, 2023-жылдын январь-сентябрь айынын денгээлинен 5,4 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) 2024-жылдын январь-сентябрь айларында 18466918,5 миң сомду түздү жана салыштырма баада 2023-жылдын январь-сентябрь айларынын деңгээлинен 6,8 пайызга өскөн.

Калкка кызмат көрсөтүүнүн көлөмү ушул жылдын январь-сентябрь айларында 4117687,5 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 8,1 пайызга өскөн.

Инфляция деңгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси ушул жылдын январь-сентябрь айларын 2023-жылдын январь-сентябрь айларына салыштырганда 102,8 пайызды, ал эми ушул жылдын сентябрь айын 2023-жылдын декабрь айына салыштырганда 100,7 пайызды түздү.

Облус боюнча 2024-жылдын август айында бир айлык орточо эмгек акы 25426,9 сом өлчөмүндө калыптанып, 2023-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 1,5 пайызга өскөн. 2024-жылдын январь-август айларында бир айлык орточо эмгек акы 27229,1 сом өлчөмүндө калыптанып, 2023-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 4,1 пайызга өскөн.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2024-жылдын январь-сентябрь айларында облуста санитардык-эпидемиологиялык абал өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу, вирустуу гепатит А түрү, эпидемиялык паротит, бруцеллез, эхинококкоз, гонорея, инфекциялык ВИЧ оорууларынын өскөндүгү байкалат. Ал эми бактериялуу минингит, ичегинин өткүр инфекциясы, жаныбарлардын тиштеп алуусу, аскаридоз жана кургак учук оорууларынын төмөндөшү менен мүнөздөлдү.

Калктын негизги социалдык-демографиялык топторунун жашоо минимуму 2024-жылдын III кварталында облустун бардык калкы үчүн 7704,36 сомду түздү, ал эми эмгекке жөндөмдүү куракдагы калк үчүн 8549,69 сомду, пенсия курагындагы калк үчүн 6777,16 сомду, балдарга 6667,54 сомду түздү.

# II. НЕГИЗГИ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨР

| | 2024ж. январь-сентябрь айларында | 2024ж. сентябрь айы 2023ж. сентябрь айына карата пайыз менен | 2024-жылдын январь-сентябрь айлары 2023-жылдын январь-сентябрь айларына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| **Экономикалык индикаторлор** | | | |
| Өнөр жай продукциясынын көлөмү-бардыгы, миң сом | 5573912,2 | 124,9 | 112,3 |
| Айыл чарба, аңчылык жана токой чарба продукциясынын дүн чыгарылышы, млн. сом | 20813,7 | 97,2 | 101,2 |
| Негизги капиталга инвестициялар, миң сом | 5887911,9 | 135,0 | 2,2 эсе |
| Ишке киргизилген турак-жай, ч. м. | 58264,0 | 39,8 | 68,9 |
| Жүк ташуу көлөмү, миң тонна | 980,0 | 104,2 | 102,0 |
| Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү, миң жүргүнчү км | 152585,1 | 112,1 | 110,8 |
| Рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү-бардыгы, миң сом | 22584606,0 | 115,8 | 105,4 |
| Чекене соода жүргүзүүнүн көлөмү, миң сом | 18466918,5 | 110,7 | 106,8 |
| Кызмат көрсөтүүнүн көлөмү, миң сом | 4117687,5 | 146,1 | 108,1 |
| Бир кызматкердин номиналдык, орточо айлык эмгек акысы, сом | 27229,1[1)] | 101,5[2)] | 104,1[3)] |
| Минималдуу керектөө бюджети (орточо эсеп менен калктын киши башына) сом менен, 2024-жылдын III кварталы | 7704,36 | - | 102,6 |

[1)] 2024ж. январь-август
[2)] 2024ж. август
[3)] 2024ж. январь-август

## III. СЕКТОРДУК ОБЗОР

## РЕАЛДУУ СЕКТОР

Баткен облусунда ээлик кылуучу субьектилердин саны 2024-жылдын 1-октябрына карата 84069 бирдикти түздү, анын ичинен 6,6 пайызы юридикалык жактар, 39,5 пайызы дыйкан (фермер) чарбалары, 53,7 пайызы жеке ишкерлер, 0,2 пайызын филиалдар түзөт.

| | Бардык катталгандары | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Бирдик | Жыйынтыкка карата пайыз менен | Ээлик кылуучу субъектилердин ичинен юридикалык жактар | Жыйынтыкка карата пайыз менен |
| **Баткен областы** | **84069** | **100** | **5547** | **100** |
| Баткен району | 12475 | 14,8 | 683 | 12,3 |
| Лейлек району | 33443 | 39,8 | 1282 | 23,1 |
| Кадамжай району | 16678 | 19,8 | 1742 | 31,4 |
| Баткен шаары | 6863 | 8,2 | 754 | 13,6 |
| Кызыл-Кыя шаары | 11725 | 14,0 | 738 | 13,3 |
| Сүлүктү шаары | 2885 | 3,4 | 348 | 6,3 |

Катталган юридикалык жактардын саны 2024-жылдын 1-октябрына карата 5547 субъектини түзүп, 2023-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 1,1 пайызга төмөндөгөн.

Катталган юридикалык жактардын жалпы санынын ичинен 13,3 пайызы мамлекеттик, 6,7 пайызы муниципиалдык, 80,0 пайызы өздүк менчикке таандык.

Баткен облусунун аймагында 2024-жылдын 1-октябрына карата жеке ишкерлердин саны 45141 бирдикти түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 4,7 пайызга өскөн, дыйкан (фермер) чарбаларынын саны 33232 бирдикти түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 0,8 пайызга өстү.

**Өнөр жайы.** Облус боюнча 2024-жылдын январь-сентябрь айларында 5573912,2 миң сомдук өнөр жай продукциялары өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 112,3 пайызды түздү.

Иштетүү өнөр жайынын өндүрүшүнүн көлөмү 2412487,1 миң сомду түзүп, жалпы өндүрүлгөн өнөр жай продукцияларынын 43,3 пайызын, пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы 1949687,1 миң сомду же 35,0 пайызын, электр энергиясын жана газды өндүрүү 1092541,9 миң сомду же 19,6 пайызын, чогултуп тазартылган сууну бөлүштүрүү 119196,1 миң сомду же 2,1 пайызды түздү.

*Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайында* ушул жылдын январь-сентябрь айларында 1949687,1 миң сомдук өнөр жай продукциясы өндүрүлүп, жалпы тармак боюнча физикалык көлөмдүн индекси 96,3 пайызды түздү. Үстүбүздөгү жылдын январь-сентябрь айларында 648771,5 тонна көмүр казылып алынып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 53562,4 тоннага аз көмүр өндүрүлгөн. Кадамжай району 17489,4 тоннага, Лейлек району 10147,5 тоннага, Сүлүктү шаары 30734,2 тоннага аз өндүргөн.

*Иштетүү өнөр жай* өндүрүшүнүн көлөмү 2412487,1 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 101,8 пайызды түздү. Жалпы көлөмдүн ичинен тамак аш азыктары, суусундуктар менен тамекини кошкондо 710094,9 миң сомду (көлөмдүн 29,4 пайызын), текстил жана тигүү өндүрүшү 100527,5 миң сомду (көлөмдүн 4,1 пайызын), целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү 25752,3 миң сомду (көлөмдүн 1,1 пайызын), башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү 1285508,5 миң сомду (көлөмдүн 53,3 пайызын), металлургия өндүрүшүнүн продукциясы жана даяр метал буюмдарынын өндүрүшү 65738,5 миң сомду (2,7 пайызын), өнөр жайдын башка түрлөрү 132408,0 миң сомду (5,5 пайызын) түздү.

*Тамак-аш азыктарын* өндүрүү боюнча тармактын физикалык көлөмүнүн индекси ичимдиктер менен тамекини кошкондо үстүбүздөгү жылдын январь-сентябрь айында өткөн жылдын январь-сентябрь айларына салыштырмалуу физикалык көлөмдүн индекси 109,6 пайызды түздү.

Үй-эмеректерин жасоо 20,0 пайызга, жаны бышкан нан 2,5 пайызга, тазартылган күрүч 8,7 пайызга, кондитердик азыктар 15,7 пайызга, топтолгон жана тазаланган суу 2,6 пайызга, эт азыктары 9,4 пайызга көп өндүрүлгөн.

*2024-жылдын январь-сентябрь айларында текстил жана тигүү өнөр жайында* чыгарылган продукциянын көлөмү 100527,5 миң сомду түздү, же мурунку жылдын январь-сентябрь айындагы денгээлге караганда физикалык көлөмдүн индекси 29,5 пайызды түздү.

*Металлургия өнөр жайынын* жана даяр металл буюмдарынын өндүрүшүндө январь-сентябрь айларында 65738,5 миң сомдук продукция чыгарылды, же өндүрүүнүн физикалык көлөмүнүн индекси өткөн жылдын январь-сентябрь айларына салыштырганда физикалык көлөмдүн индекси 165,5 пайызды түздү.

*Электр энергиясын, газды өндүрүү көлөмү январь-сентябрь* айларында 1092541,9 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 217,4 пайызды, сууну топтоо, тазалоо жана бөлүштүрүү, калдыктарды иштетүү 119196,1 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 114,9 пайызды түздү.

Өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индексинин өзгөрүү динамикасы

(жылдын башынан бери өсүүчү жыйынтык боюнча)




Экономикалык ишмердиктин түрү боюнча өнөр-жай тармактарынын
үлүшү иш жүзүндөгү баада % менен




**<u>Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы.</u>** 2024-жылдын январь-сентябрь айларында айыл чарбасында өндүрүлгөн дүң продукциянын көлөмү 20813,7 млн. сом болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 101,2 пайызды түздү.

Үстүбүздөгү жылдын январь-сентябрь айларында 18859,3 тонна эт, 80565,6 тонна сүт, 17873,5 миң даана жумуртка, 604,0 тонна жүн өндүрүлүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу сүт өндүрүү 2,1 жумуртка өндүрүү 14,0, жүн өндүрүү 0,4 пайызга өскөн. Ал эми эт өндүрүү 0,5 пайызга төмөндөгөн.

Райондор боюнча: Эт өндүрүүдө Баткен районунда 0,5, Кадамжай районунда 0,5, Лейлек районунда 0,9, Кызыл-Кыя шаарында 0,3, Сүлүктү шаарында 0,3 пайызга өсүү болду. Баткен шаарында 27,0 пайызга азайган. Сүт өндүрүү Баткен районунда 0,3, Кадамжай районунда 4,1, Лейлек районунда 1,3, Кызыл-Кыя шаарында 0,2, Сүлүктү шаарында 2,0 пайызга жогорулаган. Ал эми Баткен шаарында 6,8 пайызга аз өндүрүлгөн. Жумуртка өндүрүүдө Баткен району 32,5, Кадамжай району 3,5, Лейлек району 1,6, Баткен шаары 143,7, Кызыл-Кыя 0,3, Сүлүктү шаары 0,6 пайызга көп өндүргөн. Жүн өндүрүү Кадамжай районунда 1,0, Лейлек районунда 2,2, Сүлүктү шаарында 7,4 пайызга өскөн. Ал эми Баткен шаарында 28,6 пайызга төмөндөгөн. Баткен районунда жана Кызыл-Кыя шаарында өткөн жылдын деңгээлинде калган.

Облус боюнча 2024-жылдын 1-октябрына карата 45257,8 тонна дан эгиндери жыйналып, өткөн жылга салыштырмалуу 119,4 пайызды түздү. Бардык дан эгиндерин өндүрүү өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу Баткен районунда 18,9, Кадамжай районунда 6,8, Лейлек районунда 25,7, Кызыл-Кыя шаарында 4,7 пайызга өскөн. Ал эми Баткен шаарында 31,1 пайызга төмөндөгөн. Анын ичинен буудай 27889,3 тонна же 108,4 пайызды, арпа 17368,5 тонна же 142,6 пайызды түзгөн. Картошка 35552,5 тонна жыйналып, өткөн жылга салыштырмалуу 103,1 пайызды, жашылча 59105,5 тонна же 103,7 пайызды, мөмө-жемиш 51108,7 тонна же 103,3 пайызды түздү.

Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу картошка казып алуу Кадамжай районунда 10,4, Баткен шаарында 16,3, Кызыл-Кыя шаарында 1,8, Сүлүктү шаарында 0,7 пайызга өскөн. Ал эми Баткен районунда 1,7, Лейлек районунда 10,7 пайызга төмөндөгөн. Жашылча жыйноо Кадамжай районунда 7,3, Кызыл-Кыя шаарында 10,2, Сүлүктү шаарында 3,4 пайызга өскөн. Ал эми Баткен районунда 6,5, Лейлек районунда 0,5, Баткен шаарында 3,7, пайызга төмөндөгөн. Мөмө-жемиш өндүрүү Кадамжай районунда 19,2, Баткен шаарында 0,5, Кызыл-Кыя шаарында 165,7, Сүлүктү шаарында 1,1 пайызга өскөн. Ал эми Баткен районунда 24,3, Лейлек районунда 2,1 пайызга төмөндөгөн.

**Капиталдык салым.** 2024-жылдын январь-сентябрь айларында 5887911,9 миң сомдук капиталдык салымдар сарпталып, 2023-жылдын ушул мезгилине карата 2,2 эсеге өстү. Капиталдык салымдар Баткен районунда 60,9 пайызга, Кадамжай районунда 2,6 эсеге, Лейлек районунда 2,3 эсеге, Баткен шаарында 2,2 эсе, Кызыл-Кыя шаарында 2,5 эсеге, Сүлүктү шаарында 3,3 пайызга өскөн. Каржылоонун негизги булактарын республикалык бюджет жана калктын каражаты түздү.

Капиталдык салымдардын көлөмү
(миң сом)




**Турак жай.** 2024-жылдын январь-сентябрь айларында турак жай курулушунда жалпы аянты 58264,0 чарчы метр болгон 453 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 68,9 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 954011,4 миң сомду түздү. Сарпталган жалпы чыгым өздүк турак жай курулуштарына жумшалган.

**Транспорт жана байланыш.** 2024-жылдын январь-сентябрь айларында автомобилдик транспорт аркылуу жүк ташуу көлөмү 980,0 миң тонна болуп, өткөн жылдын январь-сентябрь айларына салыштырмалуу 102,0 пайызды түздү.

2024-жылдын январь-сентябрь айларында жүргүнчү автомобиль транспортунун бардык түрү менен 7549,4 миң адам ташылды. Автомобиль транспортунун бардык түрү менен аткарылган жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 152585,1 миң жүргүнчү-км түздү (2023-жылдын январь-сентябрь айларына салыштырмалуу 110,8 пайызды түздү).

Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 2024-жылдын январь-сентябрь айларында жеке жактардын транспорту жана Баткен, Кызыл-Кыя шаардык муниципалдык ишканалары тарабынан жүргүзүлгөн.

***Тейлөө рыногу.*** Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2024-жылдын январь-сентябрь айларында 22584606,0 миң сомду түзүп, 2023-жылдын январь-сентябрь айына салыштырмалуу 5,4 пайызга, анын ичинен калкка көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөр 21496018,7 миң сом болуп 3,6 пайызга өскөн.

***Керектөө рыногу.*** Соода, автомобилдерди, күйүүчү майларын дүң соодасы, турмуш тиричилик буюмдарынын жана жеке керектелүүчү буюмдарды оңдоонун жүгүртүүсү үстүбүздөгү жылдын январь-сентябрь айларында 17269282,2 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 4,9 пайызга өскөн.

Автомобилдерди жана күйүүчү майларды сатуу киргизилбегенде, чекене сооданын жүгүртүүсү 9099918,4 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 4,2 пайызга өскөн, анын жалпы көлөмдөгү үлүшү 52,7 пайызды түздү.

Автомобилдерди, мотоциклдерди, автомобил тетиктерин, шаймандарын жана бөлүктөрүн сатуу көлөмүнүн жүгүртүүсү ушул жылдын январь-сентябрь айларында 32724,0 миң сом суммасында аныкталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 6,9 пайызга өскөн.

Күйүүчү майлардын чекене соода жүгүртүүсү ушул жылдын январь-сентябрь айларында 7061691,5 миң сомду түздү, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 1,2 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) ушул жылдын январь-сентябрь айларында 18466918,5 миң сом суммасында калыптанып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 6,8 пайызга өскөн.

***Кызмат көрсөтүү.*** Үстүбүздөгү жылдын январь-сентябрь айларында 4117687,5 миң сом суммасында калкка акысына тейлөөлөр көрсөтүлүп, анын көлөмү өткөн жылдын денгээлине салыштырмалуу 8,1 пайызга өскөн.

Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо 567406,4 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 5,3 пайызга өскөн.

Маалымат жана байланыш ушул жылдын январь-сентябрь айларында 88523,4 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 6,1 пайызга төмөндөгөн.

Финансылык ортомчулук жана камсыздоо ушул жылдын январь-сентябрь айларында 2080894,9 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 2,1 пайызга өскөн, анын жалпы көлөмдөгү үлүшү 50,5 пайызды түздү.

Кыймылсыз мүлк операциялары ушул жылдын январь-сентябрь айларында 221343,1 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1,0 пайызга өскөн.

Илимий, техникалык адистиктеги ишмердүүлүк ушул жылдын январь-сентябрь айларында 194709,0 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 2,8 пайызга өскөн.

Мамлекеттик жана көмөкчү ишмердүүлүк ушул жылдын январь-сентябрь айларында 26199,2 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 2,6 пайызга төмөндөгөн.

Билим берүү ушул жылдын январь-сентябрь айларында 491345,8 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 3,4 пайызга өскөн.

Саламаттыкты сактоо жана социалдык тейлөөлөрдү көрсөтүү ушул жылдын январь-сентябрь айларында 279341,2 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 3,1 эсеге өскөн.

Маданий, көңүл ачуу жана дем алуу ушул жылдын январь-сентябрь айларында 29437,1 миң сомду түзүп, өткөн жылдын дэңгээлинде калды.

Чекене товар жүгүртүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)



Калкка акысына кызмат көрсөтүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)




**<u>Эмгек рыногу жана эмгек акы.</u>** Баткен райондор аралык Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын берген маалыматы боюнча 2024-жылдын 1-октябрына карата жумуш издеп кезекте турган эмгекке жарамдуу жумушсуз калктын саны 13300 адамды түздү, анын ичинен 9728 адам жумушсуздук статусун алган.

Жумушсуздук статусун алгандардын ичинен 1 адам жумушсуздук боюнча жөлөк пул алган. Сентябрь айында профессионалдык окуудан өткөндөрдүн саны 150 адамды түздү. 2024-жылдын 1-октябрына карата 123 жумушчу орун болду. Бир бош жумуш ордуна 109 адам туура келди.

Облус боюнча 2024-жылдын август айында бир айлык орточо эмгек акы 25427,0 сом өлчөмүндө калыптанып, 2023-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 1,2 пайызга өскөн. 2024-жылдын январь-август айларында бир айлык орточо эмгек акы 27229,1 сом өлчөмүндө калыптанып, 2023-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 4,1 пайызга өскөн.

Эмгек акы август айында өткөн жылдын тийиштүү айына салыштырмалуу токой чарбасы, айыл чарба жана балыкчылык, тоокен казуу тармагында, өнөр жайды кайра иштетүү, электр энергия, газ, кондиционердик аба жана буу менен камсыз кылуу, сууну тазалоо, калдыктарды кайра иштетүү жана өндүрүү, соода, автомобилдерди, турмуш-тиричилик жана жеке колдонулуучу буюмдарды оңдоо, транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо, финансалык ортомчулук жана камсыздандыруу, илимий техникалык адистиктеги ишмердүүлүк, административдик жана көмөкчү чарба, мамлекеттик башкаруу жана коргонуу, милдеттүү социалдык камсыздоо, саламаттыкты сактоо жана социалдык тейлөөлөрдү көрсөтүү жана маданий көңүл ачуу, дем алуу тармактары боюнча өсүү болгон. Ал эми курулуш тармагында 7,1 пайызга, информация жана байланыш 7,1 пайызга, кыймылсыз мүлк менен иш жүргүзүү тармагында 7,9 пайызга, билим берүү тармагында 8,1 пайызга төмөндөгөн.

Республиканын Улуттук банкы аныктаган валютанын официалдуу курсуна жараша орточо эмгек акы 2024-жылдын август айында 290,6 долларды түздү.

2024-жылдын 1-сентябрына карата эмгек акыны төлөп берүү карызы облус боюнча 1868,6 миң сомду түзүп, өткөн айга салыштырмалуу 38,2 пайызга төмөндөгөн. Эмгек акы төлөө боюнча карыз Кызыл-Кыя шаарына тиешелүү.

Официалдуу катталган жумушсуздардын саны, (адам)



**Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси.** Айыл-чарба продукциясынын баалары үстүбүздөгү жылдын январь-сентябрь айларында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 105,7 пайызды, ал эми мал чарба продукциясы 102,2 пайызды, талаачылыктан алынган продукция 112,2 пайызды түздү.

Өнөр-жай продукцияларынын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси 2024-жылдын сентябрь айында өткөн жылдын сентябрь айына салыштырмалуу 102,1 пайызды түздү. Ал эми 2024-жылдын январь-сентябрь айлары өткөн жылдын январь-август айларына салыштырмалуу 102,9 пайызды түздү.

**Баалардын жана тарифтердин индекси.** Инфляция денгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси үстүбүзөгү жылдын сентябрь айында өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 102,8 пайызды түздү, ал эми үстүбүздөгү жылдын сентябрь айын 2023-жылдын декабрь айына салыштырганда 100,7 пайызды түздү.

Ушул жылдын сентябрь айында өткөн айга салыштырмалуу жогорку сорт ун 1,2 пайызга, 1-сорттогу ун 3,8 пайызга, уйдун эти 5,5 пайызга, жумуртка 7,8 пайызга, күн карама майы 0,5 пайызга жогорулап, сүт 4,7 пайызга төмөндөгөн. Ал эми нан, макорон азыктары жана койдун эти өз ордунда калган.

**Азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүнүн бааларынын индекси**

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Жогорку сорт ун | 1-сорт ун | Нан | Макарон азыктары | Уйдун эти | Койдун эти | Сүт | Жумурт-ка | Күн карама майы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 100,0 | 100,7 | 100,0 | 98,3 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 97,8 |
| февраль | 100,0 | 100,0 | 99,9 | 101,1 | 100,0 | 100,0 | 105,6 | 100,0 | 99,5 |
| март | 100,5 | 100,4 | 99,0 | 100,6 | 100,0 | 100,0 | 101,3 | 100,0 | 100,0 |
| апрель | 102,0 | 100,4 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 97,2 | 97,5 | 98,5 |
| май | 97,5 | 97,3 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 96,1 | 85,3 | 97,1 |
| июнь | 92,3 | 89,6 | 100,0 | 98,9 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,4 | 102,5 |
| июль | 100,7 | 99,3 | 100,0 | 100,0 | 100,4 | 100,0 | 102,7 | 100,3 | 103,7 |
| август | 101,5 | 101,7 | 100,0 | 98,9 | 103,4 | 100,0 | 104,3 | 100,5 | 100,4 |
| сентябрь | 101,2 | 103,8 | 100,0 | 100,0 | 105,5 | 100,0 | 95,3 | 107,8 | 100,5 |

Жашылча-жемиштердин бааларынан өткөн айга салыштырмалуу картошка 5,5 пайызга, сабиз 18,3 пайызга, алма 21,6 пайызга, грек жангагы 1,2 пайызга жогорулады. Ал эми пияз, кургатылган өрүк өз ордунда калган.

**Жашылча жемиш продукцияларынын айрым түрлөрүнүн бааларынын индекси**

**(***өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Пияз | Картошка | Сабиз | Алма | Кургатыл-ган өрүк | Грек жаңгагы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 105,2 | 97,1 | 98,0 | 122,9 | 120,9 | 96,1 |
| февраль | 93,4 | 94,3 | 95,3 | 125,7 | 106,9 | 100,0 |
| март | 97,8 | 102,4 | 98,4 | 151,9 | 93,5 | 100,0 |
| апрель | 100,0 | 100,2 | 96,6 | 101,9 | 82,7 | 100,0 |
| май | 101,8 | 101,6 | 94,8 | 106,7 | 100,0 | 100,0 |
| июнь | 98,2 | 107,1 | 99,2 | 98,4 | 89,4 | 100,0 |
| июль | 100,0 | 90,6 | 98,8 | 40,8 | 100,0 | 100,0 |
| август | 100,0 | 101,5 | 108,2 | 89,4 | 100,0 | 100,0 |
| сентябрь | 100,0 | 105,5 | 118,3 | 121,6 | 100,0 | 101,2 |

Үстүбүздөгү жылдын сентябрь айында өткөн август айына салыштырмалуу кийимдер 0,4 пайызга, бут кийимдар 0,5 пайызга, турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар 0,2 пайызга, катуу отун 11,5 пайызга, азык-түлүк эмес товарларга 1,3 пайызга жогорулаган. Ал эми үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника 0,1 пайызга төмөндөп, кийим тигүү үчүн материалдар, суу менен камсыз кылуу (муздак суу), күйүүчү-майлоочу материалдар, бензин, фармацевтикалык продукциялар, газеталар жана мезгилдүү басылмалар өз ордунда калган.

**Азык-түлүк эмес товарлардын айрым топторунун жана түрлөрүнүн бааларынын индекси**

(пайыз менен)

| | 2024ж. январь-сентябрь 2023ж январь-сентябрь карата | 2024ж сентябры 2023ж декабрына карата | 2024ж сентябры 2024ж августуна карата |
|---|---|---|---|
| Кийим | 104,5 | 99,0 | 100,4 |
| а.и.кийим тигүү үчүн материалдар | 103,4 | 109,7 | 100,0 |
| Бут кийим | 106,2 | 112,9 | 100,5 |
| Турак-жайларды күтүү жана ондоо үчүн материалдар | 99,4 | 98,3 | 100,2 |
| Суу менен камсыз кылуу (муздак суу | 111,1 | 114,2 | 100,0 |
| Катуу отун | 97,1 | 87,0 | 111,5 |
| Күйүүчү-майлоочу материалдар | 109,6 | 103,5 | 100,0 |
| Бензин | 111,1 | 103,4 | 100,0 |
| Үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника | 103,6 | 101,1 | 99,9 |
| Фармацевтикалык продукциялар | 121,0 | 116,9 | 100,0 |
| Газеталар жана мезгилдүү басылмалар | 109,8 | 113,7 | 100,0 |
| Азык-түлүк эмес товарлар | 104,7 | 101,6 | 101,3 |

Өткөн айга салыштырганда үстүбүздөгү жылдын сентябрь айында жүргүнчү транспортунун тейлөөсү 1,3 пайызга, маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөсү 0,5 пайызга жогорулаган. Ал эми мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөрү 0,1 пайызга төмөндөгөн. Байланыш тейлөөсү, билим берүү тейлөөсү, амбулаториялык тейлөөсү, чач тарач тейлөөлөрү, укуктук мүнөздөгү тейлөөлөрү өз ордунда калган.

**Тейлөөлөрдүн айрым топторунун жана түрлөрүнүн тарифтеринин индекси.**

(пайыз менен)

| | 2024ж. январь-сентябрь 2023ж январь-сентябрына карата | 2024ж сентябры 2023ж декабрына карата | 2024ж сентябрь 2024ж августуна карата |
|---|---|---|---|
| Жүргүнчү транспортунун тейлөөсү | 104,3 | 104,0 | 101,3 |
| Байланыш тейлөөсү | 104,3 | 100,0 | 100,0 |
| Маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр | 96,5 | 95,4 | 100,5 |
| Билим берүү тейлөөсү | 114,2 | 100,0 | 100,0 |
| Амбулаториялык тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөрү | 106,3 | 99,9 | 99,9 |
| Чач тарач тейлөөлөрү | 115,4 | 100,0 | 100,0 |
| Укуктук мүнөздөгү тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 |

**Керектөө бааларынын индекси**
(Өткөн жылга салыштырмалуу, % менен)




## МАМЛЕКЕТТИК СЕКТОР

**Финансы.** Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин борбордук казына бөлүмүнүн маалыматы боюнча 2024-жылдын январь-август айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү, официалдуу трансферттерди кошкондо 1161,7 млн. сом өлчөмүндө аныкталып, өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 96,7 пайызга аткарылган.

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгү 2101,6 млн. сомду түзүп, 2023-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 28,4 пайызга, ал эми чыгашалар 14,7 пайызга өскөн.

Облустук жергиликтүү бюджет 2024-жылдын январь-август айларында профицит менен аткарылган (кирешелер чыгашалардан көп).

2024-жылдын январь-август айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө 715,7 млн. сом өлчөмүндө салык төлөмдөрү түшүп, өткөн жылга салыштырмалуу салыктан түшүүлөр 2,1 пайызга өскөн. Жеке адамдардын төлөгөн киреше салыгы 7,8 пайызга, менчиктен түшкөн салыктын өлчөмү 20,9 пайызга, кыймылсыз мүлк салыгы 7,9 пайызга, жер салыгы 33,7 пайызга жана товарлардын жана тейлөөлөрдүн салыгы 16,6 пайызга өскөн. Ал эми киреше жана пайда салыгы 1,4 пайызга, патенттин негизиндеги салык 69,8 пайызга азайган. Соодадан жана акысына көрсөтүлүүчү тейлөөлөрдөн жана бирдиктүү салыктар боюнча түшүүлөр боюнча салык түшкөн эмес.

Облустук бюджеттин киреше бөлүгүндө салыктан тышкары кирешенин азайганы байкалды. Алсак 2023-жылдын январь-август айларында жалпы кирешенин 14,2 пайызын түзгөн болсо, ал эми 2024-жылдын январь-август айларында 10,4 пайызын түздү. Салыктан тышкары кирешенин басымдуу бөлүгүн менчиктен түшкөн киреше жана процентттерден түшкөн кирешелер түздү, же жалпы салыктан тышкары кирешенин 54,1 пайызын түзөт.

Облустук бюджетте официалдык трансферттик түшүүлөр көлөмү бардык түшүүлөрдүн 27,9 пайызын түзөт, же өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 1,7 пайызга азайган.

Облустук бюджеттин чыгаша бөлүгү 2024-жылдын январь-август айларында 678,0 млн. сомду түзүп, 2023-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 2,4 пайызга өскөн. Чыгашалардын 65,9 пайызы жалпы багыттагы мамлекеттик тейлөөлөр, коргоо жана коомдук тартипти сактоого, 24,8 турак жай жана комуналдык тейлөөлөргө, 8,7 пайызы социалдык-маданий чөйрөгө жумшалды.

## СОЦИАЛДЫК СЕКТОР

**Демографиялык жагдай.** 2024-жылдын январь-август айларында Баткен облусу боюнча 9621 бала төрөлүп (өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 112 балага өскөн), же калктын 1000 не 24,6 баланы түздү. Бул мезгилдин ичинде 1577 адам өлгөн (2023-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 72 адамга өскөн), же калктын 1000 не алганда 4,0 адамды түздү. Калктын табигий өсүүсү 8044 адамды, же 1000 кишиге 20,6 түздү.

2024-жылдын январь-август айларында 103 кичинекей балдардын өлүмү катталып, өлүм көрсөткүчү 10,7 промиллди түздү (1000 тирүү төрөлгөн балага карата бир жашка чейинки курактагы өлгөн балдардын саны). Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1 жашка чейинки балдардын өлүмү 2 балага азайган.

**Калктын оорулары**. Акыркы жылдары облусубузда жүргүзүлүп жаткан айыл жерлерин таза суу менен камсыз кылуу иштери жана *иммунопрофилактикалык комплекстер* полиомелит, брюшной тиф ооруларынын азайышына алып келди.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2024-жылдын январь-сентябрь айларында облуста *ичеги-карын ооруларынан* салмонелез инфекциясы менен ооругандар катталган жок. Бактериялуу дизентерия менен 50 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 2,0 пайызга өскөн, ал эми бактериалуу минингит оорусу менен 2 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 60,0 пайызга жана ичегинин өткүр инфекциясы менен 2065 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 32,9 пайызга төмөндөгөн.

*Вирустуу гепатит оорусу* менен 2197 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 3,2 эсеге, анын ичинен гепатиттин А түрү менен 2190 оорулу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 3,3 эсеге жана эпидемиялык паротит менен 25 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 25,0 пайызга өскөн.

*Жаратылыштын жана жаныбарлардын инфекциясынан ооругандар төмөнкүдөй байкалат* бруцеллез ооруусу менен 69 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 15,0 пайызга, эхинококкоз оорусу менен 15 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 25,0 пайызга өскөн, ал эми жаныбарлардын тиштеп алуусу менен 527 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 9,0 пайызга, аскаридоз менен 689 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 7,9 пайызга төмөндөгөн.

*Паразитардык оорулардан* гонорея оорусу менен 15 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 5,0 эсеге, ВИЧ инфекциясы менен 28 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 64,7 пайызга жана котур оорусу менен 39 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 2,6 пайызга өскөн. Сифилис оорусу менен 5 учур катталды жана педикулез ооруусу менен ооругандар катталган жок.

*Аба аркылуу жугуучу өткүр респиративдүү оорулар* менен 16484 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 15,5 пайызга өскөн. Ал эми кургак учук менен ооруган 166 адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 8,8 пайызга төмөндөгөн.

**Укук бузуулар.** Облустук прокуратура тарабынан берилген маалымат боюнча 2024-жылдын январь-август айларында облус боюнча 888 кылмыш иши катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 3,3 пайызга же 28 кылмышка өскөн. Бардык катталган кылмыштардын ичинен; адам өлтүрүү жана өлтүрүүгө аракет жасоо 5, ээнбаштык 28, уурулук 214, алдамчылык 253, бангизаттарга байланыштуу 24, кызматтык кылмыштар 32, экономика тармагында 31 кылмыш, 13 жол–транспорт кырсыктары катталган. 2024-жылдын январь-август айларында 636 адам кылмыш иши менен кармалган. Бул көрсөткүч өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 89 адамга азайган.

Кылмыш иши менен кармалгандардын ичинен: аялдар 118, ишкерлер 10, эч жерде иштебеген жана окубагандар 472, иштегендер 5, мектеп окуучулары 49, жогорку жана атайын орто окуу жайларынын окуучулары 10 түздү. Ал эми кызматкерлер катталган жок.

**Облстатистика башкармалыгынын жетекчиси: С. Ысмайылов**

| | | беги |
|---|---|---|
| | Реалдык сектор | |
| 1 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү…………… | 16 |
| 2 | Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү………....................………............. | 17 |
| 3 | Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү……..........................................………............. | 17 |
| 4 | Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү………………………… ……………………………. | 18 |
| | Айыл чарбасы | |
| 5 | Айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрүнүн өндүрүлүшү……………………………………… | 19 |
| 6 | Аймак боюнча мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү..……………………….......... | 19 |
| 7 | Аймак боюнча негизги айыл-чарба эгиндеринин түшүмүн жыйноонун жүрүшү..................................... | 20 |
| | Капиталдык курулуш | |
| 8 | Облустун аймактарында ишке киргизилген негизги фонддор.......................................................…... | 21 |
| 9 | Облус боюнча негизги капиталга инвестициялар | 21 |
| 10 | Аймактар боюнча негизги капиталга каржылоонун булактары боюнча инвестициялар............................ | 22 |
| 11 | Аймактар боюнча өз күчтөрү менен аткарылган подрядтык жумуштардын көлөмү................................. | 23 |
| 12 | Облус боюнча турак-жай курулушунун аткарылышы, ………………………………………………… | 23 |
| 13 | Калктын эсебинен турак үйлөрдүн ишке киргизилиши.......................................................................…...... | 23 |
| | Транспорт | |
| 14 | Автомобиль транспортунун негизги көрсөткүчтөрү……………………………………………………. | 24 |
| 15 | Аймак боюнча автомобиль транспорту менен жүк ташуу жана жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү | 24 |
| | Тейлөө рыногу | |
| 16 | Көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү……………………………………………………….. | 25 |
| | Керектөө рыногу | |
| 17 | Сооданын экономикалык ишмердиктин бардык каналдар боюнча таркатылышы…..............………........ | 25 |
| 18 | Чекене товар жүгүртүүнүн менчик түрүнүн түзүлүшү........................................................................…......... | 26 |
| 19 | Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү, коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо.............. | 26 |
| 20 | Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү………………………………………………….. | 27 |
| 21 | Калкка акысына тейлөөлөр көрсөтүү, ишмердиктин бардык каналдар боюнча таркатылышы................. | 27 |
| | Эмгек жана эмгек акы | |
| 22 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча кызматкерлердин орточо айлык эмгек акылары ............ | 28 |
| 23 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары, акыркы айда | 29 |
| 24 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары, жыл башынан.. | 29 |
| 25 | Баткен райондор аралык Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгында катталган жумушсуздар саны.................................................................................................................................. | 30 |
| 26 | Баткен райондор аралык Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгында жумушсуздук статусун алгандар саны......................................................................................................................... | 30 |
| | Мамлекеттик сектор | |
| 27 | Облус боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………... | 31 |
| 28 | Облус боюнча республикалык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………… | 31 |
| 29 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………....... | 32 |
| 30 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………...... | 32 |
| | Социалдык сектор | |
| 31 | Калктын өлүмү жана табигый өсүү көрсөткүчтөрү........................................................................................ | 33 |
| 32 | Калктын төрөөлүү, өлүү жана табигий өсүүсү боюнча катышы...........................................................….... | 33 |
| 33 | Жаш балдардын өлүмү.........................................................................................................…................... | 33 |
| 34 | Облус боюнча жаш балдардын өлүмүнүн катышы...........................................................................…........... | 33 |
| 35 | Никеге катталуу жана ажырашуулардын катышы.......................................................................................... | 34 |
| 36 | Никеге катталуу жана ажырашуулардын катышы.......................................................................................... | 34 |
| 37 | Жугуштуу жана мите оорулары менен ооруган калктын саны………………………………………… | 34 |
| 38 | Катталган кылмыштар саны……………………………………………………………………………….. | 35 |
| 39 | Жынысы жана жашы боюнча кылмыш кылгандар…………………………………………………………. | 35 |
| 40 | Кесиби боюнча кылмыш кылгандар……………………………………………………………………… | 35 |

## РЕАЛДЫК СЕКТОР

Таблица 1. **Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү 2024-жылдын январь-сентябрь айлары**

( миң сом)

| | 2023 | 2024 | Физикалык көлөмдүн индекси |
|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | **4714254,1** | **5573912,2** | **112,3** |
| **I. Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы** | **1515201,3** | **1949687,1** | **96,3** |
| 1. Күрөн көмүр, лигнит жана чым көң өндүрүү | 1179298,0 | 1510950,2 | 92,4 |
| 2. Иштетилбеген мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү | 249890,7 | 290859,0 | 97,6 |
| 3.Металл рудасын өндүрүү | | | |
| -түстүү металл рудасын өндүрүү | 71586,1 | 130843,5 | 47,7 |
| 4. Тоо-кен казуу өнөр жайынын башка тармактары | 14426,5 | 17034,4 | 188,6 |
| **II. Иштетүү өнөр жайы** | **2412311,0** | **2412487,1** | **101,8** |
| 1. Тамак аш азыктарын өндүрүү, ичимдиктер менен тамеки кошо | 624542,4 | 710094,9 | 109,6 |
| -тамак-аш азыктарын өндүрүү, ичимдиктерди кошкондо | 587121,2 | 645526,5 | 105,0 |
| -суусундук өндүрүү | 36781,2 | 63605,4 | 270,9 |
| -тамеки өндүрүү | 640,0 | 963,0 | 151,3 |
| 2. Текстил жана тигүү өндүрүшү | 295920,0 | 100527,5 | 29,5 |
| -текстил өндүрүшү | 244493,8 | 45510,3 | 39,3 |
| -кийим тигүү, терини бойоо үчүн даярдоо | 51062,2 | 54962,6 | 7,9 |
| -булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдар өндүрүшү жана бут кийим өндүрүшү | 364,0 | 54,6 | 15,7 |
| 3. Целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү | 23728,0 | 26407,3 | 126,9 |
| -жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү ишмердиги | 23071,5 | 25752,3 | 127,1 |
| -басма жана полиграфиялык ишмердик, жазылган маалыматтарды көбөйтүү | 656,5 | 655,0 | 101,4 |
| 4. Химия өндүрүшү | 131333,1 | 91802,4 | 127,8 |
| 5. Башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү | 1176745,3 | 1285508,5 | 108,1 |
| 6. Металлургия өндүрүшү жана даяр металл буюмдарын өндүрүү | 49407,0 | 65738,5 | 165,5 |
| 7. Өнөр жайдын башка түрлөрү | 110635,2 | 132408,0 | 109,4 |
| **III. Электр энергиясын жана газды өндүрүү жана бөлүштүрүү** | **686162,7** | **1092541,9** | **217,4** |
| **IV. Сууну топтоо, тазалоо, бөлүштүрүү калдыктарды иштетүү.** | **100579,1** | **119196,1** | **114,9** |

Таблица 2. **Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү 2024-жылдын январь-сентябрь айлары**

(миң сом)

| | 2023 | 2024 | Физикалык көлөмдүн индекси | |
|---|---|---|---|---|
| | | | отчеттук айдын өткөн жылдын отчеттук айына карата | отчеттук мезгилдин өткөн жылдын отчеттук мезгилине карата |
| **Область боюнча:** | **4714254,1** | **5573912,2** | **124,9** | **112,3** |
| Электр энергиясыз райондор: | 4028091,4 | 4505245,9 | 118,8 | 99,6 |
| Баткен | 146219,8 | 223474,2 | 175,4 | 132,3 |
| Кадамжай | 1318171,9 | 1528135,3 | 122,0 | 107,8 |
| Лейлек | 487639,0 | 578566,6 | 101,1 | 103,3 |
| шаарлар: | | | | |
